«Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси

Учреждение «Бишкекский инновационный колледж»

«МАКУЛДАШЫЛДЫ»
Пед.кенешменин отурумунда
Протокол № 5
« 30 » « 06 » 2024г.

«БЕКИТЕМИН»
Директор, к.ф.н., доц.
________________Эркинбеков К.Э.
« 30 » « 06 » 2024г.

# 2023-2024 окуу жылына окуу бөлүмүнүн жылдык отчету

БИШКЕК – 2024

**«Бишкек инновациялык колледжи» мекемесинде төмөнкү адистиктерди** Кыргыз Республикасынын Билим берүү министирлиги тарабынан берилген лицензиялардын жана аккредитациядан өткөндүгүн тастыктаган сертификаттардын негизинде даярдайт.

**Окуу планы** Кыргыз Республикасынын Билим берүү министирлиги тарабынан бекитилген орто кесиптик билим берүүнүн мамлектик стандартынын жана “Кыргыз Республикасынын Эл аралык Университети” мекемесинин окуу пландарына ылайык иштелип чыккан. Түзүлгөн окуу пландары колледжди бүткөндөн кийин бакалавр даражысына 2-курстан баштап окуусун улантып кеткенге ылайыкташкан. Окуу планды түзүп жатканда төмөнкү позициялар каралган:

- Окуу жүктөмүнүн гигиеналык нормалары
- Максималдык окуу жүктөмдөр
- Талап кылынган компетенциялардын камтылышы
- Стандартта бекитилген мазмуну жана тузүлүшүнүн сакталуусу

Окуу планы жалпы билим берүү дисциплиналар, гуманитардык, социалдык-экономикалык, математикалык жана табыгий-илимдик, профессионалдык жана вариативдик бөлүктөрдөн турат. Ар бир курска 60 кредиттен, бир семестрге 30 кредиттен бөлүнгөн. Ошондой эле практика (окуу, өндүрүштүк, квалификациялык), дене-тарбия, мамлекеттик аттестациялар да көрсөтүлгөн. Бардыгы жалпы билим берүү дисциплинарда 2050саат, 120 кредит же 3600 саат берилген.

Вариатвдик бөлүктө төмөнкү дисциплиналар өтүлөт:

Бардык адистиктер үчүн:

- Философия
- Экологиянын негиздери
- Психология
- ОИВТ
- Ишмердүүлүктүн англис тили

Экономикалык адистиктер үчүн:

- Экономикага киришүү
- Микроэкономика
- Социология
- Менеджмент
- 1С: Бухгалтерия
- Каржы
- Макроэкномика
- Маркетинг
- Логистика
- Эл аралык этикет
- Экономикалык укук
- Экономикадагы математикалык методдор жана моделдер
- Ыктымалдык теориясы жана математикалык статистика

Чет тили, англис, кытай тили адистиктер үчүн:

- Эл аралык укук
- Практикалык грамматика
- Практикалык фонетика
- Педагогика
- Акдемиялык кат
- КСЕ
- Көркөм которуу
- Логика
- Кытайдын географиясы
- Кытайдын тарыхы, адабияты жана дини
- Эл аралык мамилелердин тарыхы жана теориясы

Юридикалык адистиктер үчүн:

- Криминалистика
- Криминология
- Үй-бүлөлүк укук
- Административдик укук
- Психология
- Профессионалдык ишмердүүлүктөгү мааалыматтык технологиялар

**Окуу графиги** окуу планын негизинде түзүлүп, окуу жылынын башында бекитилген. 1 курстар үчүн биринчи жарым жылдыкта 20 жума, экинчи жарым жылдыкта 20жума, кышкы каникул 2 жума, жайкы каникул 8 жума, жайкы экзамендик сессия 2 жума берилген. 2 курстар үчүн биринчи жарым жылдыкта 18 жума, экинчи жарым жылдыкта 17 жума, кышкы сессияга 2 жума, жайкы сессияга 1 жума, кышкы каникул 2 жума, жайкы каникул 7 жума, практикага 4 жума, мамлекеттик аттестацияга 1 жума берилген. 3 курстар үчүн биринчи жарым жылдыкта 14 жума, экинчи жарым жылдыкта 12 жума, практикаларга 11 жума, кышкы сессияга 1 жума, жайкы сессияга 1 жума, кышкы каникулга 2 жума, мамлекеттик экзамендерге 2 жума каралган. Окуу графиги негизинен бардык шарттарга ылайык келет, талаптарга жооп берет. Ар бир курска 52 жума каралып, бардыгы 156 саатка тууралангaн, анын ичинен каникул 1 курста 10 жума, 2 курста 9 жума, 3 курста 11 жума, теориялык окутуу 1 курска 40 жума, 2 курска 38 жума, 3 курска 26 жума, сессиялар ар бир курска 2 жумадан, практика 2 курстарга 4 жума, 3 курстага 3 жума, мамлекеттеик аттестация 2 курстарага 1 жума, 3 курстарга 2 жума каралган.

**АКР графиги** окуу жылынын башында бекитилген. Графикке ылайык жарым жылдыкка 2 АКР кабыл алынып, анын жыйынтыгы убагында АВН ге киргизилип, ар бир студентке логин, пароль берилип, сайтта өздөрүнүн баллдарын ачык көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. АКР дын жыйынтыгы рейтинг аркылуу студенттерге мотивация катарында көрсөтүлүп, кийинки АКРде жакшы окууга себеп болду.

**Сабактардын жүгүртмөсү** директор тарабынан бекитилген окуу планга туура келет. Ар бир жарым жылдыктын башында түзүлүп, бекитилип, колледждин стендерине илинип, ватсапп группаларга жөнөтүлөт. Студенттер жана мугалимдер жүгүртмөнүн негизде аудиторияларда сабактарын өткөрүшөт. Эгерде мугалим белгилүү себептер менен сабак өтпөй калса, башка күнү кошумча жүгүртмө түзүлүп, калтырган сабактарды өткөрөт. Сабактардын өтүлүшү дайыма текшерилип, аткарылышы окуу бөлүм тарабынан көзөмөлдөнөт. Окуу 5 күндүк тартипте, жумасына 30-36 саатка чейин жүргүзүлөт.

**Ачык сабак жана өз ара сабактарга катышуунун графиги** 2022-2023 окуу жылында сектор башчылары тарабынан, окуу бөлүмүнүн макулдашылышы менен бекитилген

графиктин негизинде өткөрүлдү. Жалпы билим берүү дисциплиналар секторунда өз ара катышуу 17 мугалим, чет тили секторунда 19 мугалим, гуманитардык-экономикалык секторунда 25 мугалим графикке коюлган, көрсөтүлгөн убакта сабактарга катышып, жыйынтыгын анализге толтуруп, окуу бөлүмүнө тапшырылган. Ачык сабактын графигинин негизинде жалпы билим берүү секторунда 18 мугалимге, чет тили секторунда 19 мугалимге, гуманитардык-экономикалык секторунда 14 мугалимге ачык сабак өткөрүү пландалып, бардык мугалимдер өткөрүп, ачык сабактын план-конспектиси, сабактын анализи окуу бөлүмгө тапрышылган. Сабактын өтүлүшү планга дал келип, анын ичинен өзгөчө өткөргөн төмөнкү окутуучуларды белгилеп кетсек:

1. Эшматова Г.А.
2. Жусуп у У.
3. Тагаева Г.
4. Атакулова З.
5. Мамбеталиева Ы.Ы.
6. Тагаев Н.А.
7. Бабатаев К.А.
8. Шаршенова А.Э.

**Окуу жүктөмдөр** окуу жылынын башында пед.кеңеште каралып, директор тарабынан бекитилип, секторлор арасында окутуучуларга бөлүнүп берилип, жыл бою көзөмөлгө алынып, ар бир жарым жылдыкта окутуучулар аткарган сааттары боюнча сектор башчыларына отчеттор берилип 2023-2024 окуу жылынын жылдык отчету окуу болуму тарабынан кабыл алынды.

Анын ичинен: жалпы билим берүү секторунда – 19 мугалим, чет тили секторунда – 20 мугалим, гуманитардык – экономикалык секторунда – 22 мугалим иш алып барышты. Бардык ваканттык орундар убагында жабылып, сабактар үзгүлтүккө учураган жок. Окутуучулардын квалификациялары жана стаждары берип жаткан сабактарына дал келип, өздөрүнүн профессионалдык деңгээлинде билим беришти. Ошондой эле 2023/2024 окуу жылында квалификациясын жогорулатууда төмөнкү окутуучулар тренингдерге катышып, сертификаттуу болушту:

1. Ахматов А.Б.
2. Айтмолдоева Л.Т.
3. Бейшеев С.Т.
4. Эргешева А.Р.
5. Абылкасымов О.
6. Тагаева Г.А.
7. Абылкасымова Р.Т.
8. Мамаева Н.Ы.
9. Кадыралы у Н.
10. Тагаев Н.Т.
11. Джуматаева М.
12. Туратбекова А.Т.
13. Мамбеталиева Ы.Ы.
14. Мураталиева П.М.
15. Бабатаев К.А.
16. Жусуп у У.
17. Ормонова Ж.Ж.

18. Тагаев Б.А.
19. Талантова Н.Т.
20. Нур Нуржамал

Окуу планынын жана орто кесиптик мамстандарттын негизинде бардык дисциплиналар боюнча ОМК түзүлүп, илимий бөлүмдө каралып пед.кеңеште бекитилген. Азыркы учурда аспиранттардын, магистрлердин окуу көрсөтмө курал катары басылып чыгарылган иштери китепкана өткөрүлдү.

**Студенттердин контингенти:**

| № | Жалпы студенттердин саны (кундузгу окуу болуму) | Жалпы студенттердин саны (сырттан окуу болуму) | Тайпалардын саны (кундузгу окуу болуму) | Тайпалардын саны (сырттан окуу болуму) |
|---|---|---|---|---|
| 1 курс | 302 | 60 | 11 | 1 |
| 2 курс | 302 | 72 | 12 | 1 |
| 3 курс | 299 | - | 13 | - |
| **Жалпы:** | **903** | **132** | **36** | **2** |

2023-2024 окуу жылында күндүзгү бөлүмдө 903 студент, 132 студент сырттан окуу бөлүмдө окушат.
Окуудан чыгаруунун себептери төмөндөгүдөй болду:
- Өз каалоосу менен – 47
- Акдемиялык карыздары үчүн – 70
- Жайкы сессияны тапшыруу мөөнөтүн узартуу – 69
- Академиялык өргүүгө кеткендер- 5
- Сырттан окуу бөлүмүнө которулгандар- 18
- Башка адистиктерге которулгандар – 5
- Окуусун кайра калыбына келтиргендер- 8

**Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттсетациясынын жыйынтыгы.**
Мамлекеттик аттестацияны өткөрүү мөөнөтү жана жүгүртмөсү окуу планына, окуу графигинин негизинде түзүлүп, студенттерге жөнөтүлгөн. Мамлекеттик аттестациянын программасы мам.стандартка жана мам.аттестациянын жобосуна ылайык түзүлгөн.

1. **“Кыргызстан тарыхы”, “Кыргыз тили жана адабияты”, “Кыргызстандын географиясы” дисциплиналарынын мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы**

| № | көрсөткүч | жалпы |
|---|---|---|
| | Аттестацияга киргизүү | **302** |
| | аттестацияланды, анын ичинен:<br>✓ Эң жакшы<br>✓ Жакшы<br>✓ канааттандыраарлык<br>✓ канааттандырарлык эмес<br>✓ келбегендер | **273**<br>135<br>98<br>40<br>-<br>29 |

## 2. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы

| № | көрсөткүч | жалпы |
|---|---|---|
| | Аттестацияга киргизүү | **299** |
| | аттестацияланды, анын ичинен:<br>✓ Эң жакшы<br>✓ Жакшы<br>✓ канааттандыраарлык<br>✓ канааттандырарлык эмес<br>✓ келбегендер | **294**<br>142<br>95<br>57<br>-<br>5 |

Дипломдору өз убагында тапшырылып, 13 студентке кызыл диплом берилди. Бардык өздүк делолору архивке акты менен өткөрүлдү.

Окуу бөлүмү окуу жылынын аягында бардык мугалимдерден отчеттор, ведомостторду кабыл алып, жыйынтыгын чыгарып, курстан курска которуу боюнча билдирүүлөрдү педагогикалык кеңешке талкууга коюп, кадрлар бөлүмүнө өткөрүлдү.

Окуу бөлүмүнүн башчысы Талантова Н.Т.